БЕКИТЕМИН
Мектеп директору
Исанова Ж.М
"___" _____ 2021 жыл.

## Жалпы ата-энелер чогулушу жөнүндө жобо

*Кыргыз Республикасынын билим берүү Мыйзамынын 38, 27 – беренелерине жана мектептин уставына ылайык*

- Жалпы ата-энелер чогулушу №87 жалпы орто билим берүү мектебинин өз алдынча башкаруунун формасы болуп саналат.
- Жалпы ата-энелер чогулушу мектептин жылдык планына жараша чейрегине бир жолу өтүлөт, айрым учурларда зарылдыгына жараша кезексиз чогулуш чакырылат.
- Жалпы ата-энелер чогулушунда мектептин сапаттуу билим берүү, тарбиялоо, балдардын, мугалимдердин коопсуздугун сактоо, алар үчүн жагымдуу шарттарды түзүп берүү ж.б.маселелер боюнча аткарылып жаткан иштери талкууланып, баа берилип, алдыдагы максат, милдеттер коллегиялдуу аныкталат.
- Жалпы ата-энелер чогулушунда ата-энелер тарабынан колдоолор, кетирилген кемчиликтер, айрым учурда мугалимдердин ишине кедергисин тийгизип жаткан учурлар талкууланат жана тиешелүү чечимдер кабыл алынат.
- Жалпы ата-энелер чогулушунан тышкары ата-энелерге түшүндүрүү, балдарды тарбиялоодогу билимдерин өркүндөтүү мектеп менен ата-энелердин тыгыз байланышта иштөөсүн камсыздоо максатында "Ата-энелер учун ачык эшик күндөрү" өткөрүлөт.

**27-берене. Ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) укуктары менен милдеттери**

**Ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөндөгүлөргө укуктуу:**

- окутуунун формасын, билим берүү уюмдарынын тибин жана түрүн тандап алууга, ошондой эле балага үй-бүлөдө билим берүүгө (өзгөчөлөнгөн, бөтөнчө жагдайларда);

- баланы окутуунун кайсы гана этабында болбосун окуусун улантуу үчүн билим берүү уюмдарына жиберүүгө;

- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын алкагында окуп жаткандардан билим алуу укугун сактоону талап кылууга.

- Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) өзгөчө учурларда үй-бүлөдө балага жалпы башталгыч, жалпы негизги жана орто жалпы билим берүүгө укуктуу. Үй-бүлөдө билим алган бала аттестациядан жакшы өткөндө окутуунун кайсы гана баскычында болбосун ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) чечими боюнча билим алуусун билим берүү уюмунда улантууга укуктуу.

Сканировано с CamScanner

**Мектептин уставына ылайык:**

- жалпы билим берүүчү мектебинин жана жалпы билим берүүчү мектебиндеги окутуу формасын тактоого;
- балдардын мыйзамдуу укуктарын жана талаптарын коргоого;
- жалпы билим берүүчү мектебинин Уставында берилген формада жалпы билим берүүчү мектебин башкарууга катышууга;

- Ата-энелер жалпы билим берүүчү мектептин Уставын алардын укуктарына жана милдеттерине тиешелүү бөлүгүн аткарууга жана балдарынын билим алышынын зарыл шарттарды түзүүгө жана тарбиялоо үчүн жоопкерчилик тартууга, баланын укуктары жөнүндө конвенциянын принциптерин сактоого милдеттүү.
- Ата-энелердин башка укуктары жана милдеттери жалпы билим берүүчү мектебинин Уставына ылайык келишим түзүү жөнүндө алар менен жалпы билим берүүчү мектебинин ортосунда түзүлгөн келишимде бекемделиши мүмкүн.

**Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) төмөнкүлөргө милдеттүү:**

- негизги билим алууда балдардын жашоосу, окуусу жана алардын шыгын өөрчүтүү үчүн талаптагыдай шарттарды түзүүгө, алардын дене-боюнун жана психикалык саламаттыгына дайыма кам көрүүгө;

- баланын ар намысын ызаттоого, эмгекти сүйүүгө, мээримдүүлүк жана боорукердик сезимдерин ойготууга, үй-бүлөгө, жашы боюнча улууларга, мамлекеттик жана эне тилге, элдик үрп-адаттарга, салттарга ызаттоо менен мамиле жасоого тарбиялоого;

- элдин улуттук, тарыхый, маданий баалуулуктарын урматтоого, тарыхый-маданий мурастарга жана айлана чөйрөгө аяр мамиле жасоого, Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоого;

- жалпы билим берүү уюму менен үзгүлтүксүз кызматташууну (ата-энелер чогулуштарына катышуу, мугалимдердин баланы окутуу жана тарбиялоо боюнча педагогдордун сунуштамаларын аткаруу) колдоого;

- ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) билим берүү уюмунун аймагынан сырткары, окуудан тышкары убакта болгон балдардын саламаттыгы жана өмүрү үчүн толук жоопкерчилик тартышат.

- Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) баланын жалпы негизги билим алышы боюнча милдеттерин аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык административдик жоопкерчилик тартышат.

*(КР 2013-жылдын 30-июлундагы № 176 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

Сканировано с CamScanner